**Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу**

2013 жылдын апрель-май айларында негизги азык-түлүк товарлардын баалары туруктулуктуу сактаган. Ошол туруктулук 2013 жылдын мол түшүм күтүүдө байкаган.

**1-сүрөт.** 2013 жылдын азык-түлүк товарларына болгон баанын динамикасы *(тоннасына АКШ доллары менен)*




2013-жылдын апрель айында ФАОнун азык-түлүк баа индексинин орточо мааниси февраль айындагы көрсөткүчкө салыштырганда өзгөрүүсүз түптөлүп, 215.5 пунктту түзгөн, бирөк ошол эле учурда ал өткөн жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда 1 пайызга өскөн. 2011-жылдын февраль айдын рекорд маанисинен 10 пайызга төмөндөдү.

**Буудай**

Быйылкы жылдын апрелинин аягында дан эгиндери боюнча Эл аралык Кенеш 2013/2014-МЖ карата дүйнөлүк дан эгиндер рыногу боюнча божомолун жарыялаган, ошол божомол боюнча дуйнөлүк дан эгиндерин өндүрүү 1,9 млрд. Тоннаны түзөт, мунун өзү быйылкы жылга караганда 125,0 млн. тоннага көп дегендикке жатат. Келерки сезондогу керектөөлөр 1,9 млрд. Тоннаны түзүп, келерки сезондогу жалпы жыйынтык көрөнгөлөр 31,0 млн. тоннага кобойуп, 361,0 млн. тоннага жетет.

АКШнын АЧМлигинин май айында жарыяланган келерки сезондогу буудай рыногунун божомолунда да абал он көрсөтүлгөн. Мисалы, дйнбоюнча буудай өндүрүү 701,1 млн. тоннага жетет, бул өз кезегинде өткөн жжылдын ушул сезонуна салыштырганда 45,5 млн. тоннага көптүк кылат. Экспортер-өлкөлөрдүн бардыгынын ичинен буудайдын тушуму АКШда гана төмөн болот. Украина 22,0 млн. тонна буудай алат,Казахстандагы түшүм-15,0 млн. тоннага жетет. Көптөгөн экспортер-өлкөлөрдө да буудай өндүрүү былтыркы жылдагыга караганда жогору болот. Буудайды керектөө дүйнөдө 20,0 млн. тоннага көбөйүп, 694,9 млн. тоннага жетет.

*Буудайга жана жүгөрүгө болгон дүйнөлүк баанын динамикасы Тиркемеде көрсөтүлдү, 1- жана 2- графиктер*

***Орусия***

Апрелдин аягындагы жана май айынын башындагы май майрамдарына байланыштуу болгон рыноктун активдешкен абалына карабай, Россиянын дан рыногунда баанын томондоо тренди сакталды.

Россиянын айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча 2012-жылдын июлүнүн башталышынан тартып 2013-жылдын апрелинин аягына чейин данды экспорттоо 14,7 млн. тоннаны түздү. Эгинди алып чыгуу 2012/2013-МЖылындагы божомол 15,6-15,7 млн. тоннага барабар болуп

жатат. Ошондой эле ведомствонун окулунун билдирүүсү боюнча азыркы учурда Россиядагы эгиндин коронгосу (чакан чарбаларды эсепке албаганда) болжол менен 18 млн. тоннага барабар, дагы 5 млн. тонна эсепке кирбеген коронгодо жатышы мүмкүн. Азыркы учурда Россияда данга тансыктык коркунучу жок.

АКШнын АЧМлигинин май айындагы тактамасына ылайык келерки жылы Россияда буудайды экспорттоо 7,3 млн. тоннадан 18,0 млн. тоннага кобойүшү мүмкүн.

***Казахстан***

КРнын статистика боюнча агенттигинин маалыматы боюнча быйылкы жылдын май айынын башталышына карата буудайдын коронгосу 8,4 млн. тоннаны түздү, анын 53 пайызы али да кампалар менен элеваторлордо жатат. Колдогу коронгонун 1,5 млн. тоннасы урук учун, тоют үчүн 140,3 мин тоннасы калтырылган, калган болугу- 6,7 млн. тоннасы азык-түлүк эгини.

"КАЗИНФОРМ" ИАсы Казахстандын агротехникалык университетинин профессоруна шилтеме келтирүү менен Казахстандын ички рыногундагы буудайдын наркы ички ондүрүү менен керектоолорго караганда эл аралык рыноктон кобүроок коз каранды экенин билдирет. Ошол эле учурда, окумуштуунун пикири боюнча, эл аралык рыноктогу нарктын 1 пайызга осүшү Казахстанадагы буудай ондүрүүнүн 0,6 пайызга кобойүшүно алып келет.

***Кыргызстан***

Кыргыз Республикасынын айыл жана суу чарба министрлигинин экспертиза Борборунун директорунун маалыматы боюнча Россиядан алынып келинген эгиндер 2008-жылдын түшүмү болуп саналат. Экспертоо Борборунун кызматкерлери мамматрезерв Фондунун, соода палатасынын, бажы кызматынын, "Темир жолу" ГП НКнын жана башка уюмдардын адистери менен бирдикте эгиндерди кабыл алышып мамлекеттик коронгого сакташкан. Гиндин сапатын лабораториядан аныктоо учурунда эгиндин сапаттык корсоткүчтору 3-класска туура келээри аныкталды. РФтан алынып келинген эгиндерден минералдык жана чоп-чардын аралашмасы, эгиндинди сактоодогу зыянкечтер, фузариоздук эгин (эгиндин бузулушу), зыяндуу заттар табылган жок.

Откон жылга салыштырмалуу ункомбинаттарындагы ун ондүрүү 80 пайызга томондоп кеткенин ун ондүрүүчүлардүн маалыматына таянып "КирТАГ" ИАсы билдирет. Ункомбинаттары маал-маалы менен гана иштеп жатат, кампадагы ун менен кебектер азайып баштаганда гана ишке киришишет, андан кийин кайрадан токтоп турууга туура келет. Ун тартуучулар Кыргызстан менен кошуна Казахстандын ун тартуучуларынан негизги койгойу катары эгиндин баасынын ажырымын айтышат. Мисалы Казахстандын ун тартуучулары эгиндин 1 тоннасын 185 доллардан, ал эми Кыргызстандын ун тартуучулары 250 АКШ долларында алышат.

**Таблица.** Луговая станциясында буудайга баа динамикасы
*(тоннасына АКШ долл. менен)*

| клейковина | 16.01.2013 | 15.02.2013 | 05.03.2013 | 16.04.2013 | 18.05.2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 343,0 | 34 ,0 | 339,0 | 293,0 | 283,0 |
| 27-30 % | 359,0 | 362,0 | 355,0 | 309,0 | 299,0 |

**Күн карама майы**

2012/2013-МЖынын башталышынан бери жана 2013-жылдын май айына карата Украинанын экономикалык онүгүү жана соода министрлигине караштуу Ведомстволор аралык жумушчу тобунун билдирүүсү боюнча күнкарама майын Украинадан алып келүү 2,3 млн. тоннаны түздү. Ведомстволор аралык топтун пикири боюнча күнкарама майын ондүрүү

2012/2013-МЖылында 3,5 млн. тоннаны түзот, аны экспортко чыгаруу 3,1 млн. тонна болот.

2013/2014-МЖылына карата АКШнын АЧМлиги Украинадан кункарама майын экспорттоо 3,6 млн. тонна болоорун, күнкарама майын чыгаруу 4,2 млн. тонна болуп, түшүм 10,5 млн. тоннага жетээрин болжолдойт.

*Күңкарама майынын дүйнөлүк баасынын динамикасы Тиркемеде көрсөтүлдү, 3-график.*

**Кант**

Канттын дүйнолүк рыноктогу баасы томондоонүн үстүндо. Баанын арзандашынын негизги фактору болуп кантты ондүрүүнүн оскондүгү эсептелет. Быйылкы жылы, жамгырлуу жаздан кийин күндүн ачык, кургакчыл болушунан улам, бразилиянын кантын ондүрүү рекорддук денгээлге- 35,5 млн. тоннага жетиши мүмкүн.

Ошол эле учурда Кыргызстандын ички рыногунда кантка болгон баа бир азга кымбаттагандыгы байкалат: жыл башынан бери мындай осүш 1,4 пайызды түздү. Мындай кымбаттоонүн себеби, Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинин адистеринин маалыматы боюнча, Россиядан алынып келүүнүн коломүнүн азайганы эсептелет. Аба ырайынын катаал шарттары Россиядагы кант кызылчасын себүүнүн мөөнтүн кечендетти. Россидан болгон канттын экспорту март айында 1,7 мин тоннаага азайды же откон жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,8 пайызга томондоду.

*Кант жана чийки кант кызылчасынын дүйнөлүк баасынын динамикасы Тиркемеде көрсөтүлдү, 4-график.*

**Таблица 1.** Азык-түлүк рыногу (2012/13 жана 2013/14 маркетинг жылындагы өндүрүштү, керектөөнү, өтүүчү запастарды баалоо)

| | **Өндүрүштү балоо, млн. тонн** | | | ***Керектөөнү балоо, млн. тонн.*** | | | ***Запастарды баалоо, млн. тонн.*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***2012-13*** | ***2013-14*** | ***өзгөрүү, %*** | ***2012-13*** | ***2013-14*** | ***өзгөрүү, %*** | ***2012-13*** | ***2013-14*** | ***өзгөрүү, %*** |
| **Дандар (дүйнө)** | 1 780,0 | 1 781,0 | +0,1 | 1 820,0 | 1 817,0 | -0,2 | 326,0 | 330,0 | +1,2 |
| **Буудай** | 655,6 | 701,1 | +6,9 | 674,9 | 694,9 | +3,0 | 180,2 | 186,4 | +3,4 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 1,3 | 0,0 | - | - | - |
| ***АКШ*** | 61,8 | 56,0 | -9,4 | 37,6 | 36,0 | -4,3 | 19,9 | 18,2 | -8,2 |
| ***Австралия*** | 22,1 | 24,5 | +11,0 | - | - | - | 4,2 | 4,8 | +13,5 |
| ***ЕС-27*** | 132,1 | 138,8 | +5,1 | 120,0 | 123,8 | +3,1 | 9,8 | 14,3 | +46,0 |
| ***Кытай*** | 120,6 | 121,0 | +0,3 | 120,0 | 120,5 | +0,4 | 58,7 | 61,7 | +5,1 |
| ***Россия*** | 37,7 | 56,0 | +48,5 | 33,5 | 37,5 | +11,9 | 5,4 | 6,4 | +18,5 |
| ***Казахстан*** | 9,8 | 15,0 | +52,4 | 6,8 | 7,2 | +5,9 | 9,3 | 12,0 | +29,0 |
| **Жүгөрү** | 855,9 | 965,9 | +12,9 | 862,5 | 936,7 | +8,6 | 125,3 | 154,6 | +23,4 |
| **Күрүч** | 467,6 | 479,3 | +2,5 | 469,3 | 476,8 | +1,6 | 103,8 | 107,8 | +3,9 |
| **Күн карама майы** | 14,1 | 14,9 | +6,0 | 13,7 | 14,0 | +2,0 | 2,4 | 2,7 | +11,5 |
| **Кант**[1] | 174,5 | 174,9 | +0,2 | 163,6 | 167,3 | +2,3 | 38,4 | 38,2 | -0,5 |

[1] АКШ айыл-чарба министрлигинин май баалоосу

**График 1. Буудайга болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы, 01.05.12-22.05.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 2. Жүгөрүгө болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы , 01.05.12-22.05.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 3. Күн карама майынын дүйнөлүк баасынын динамик., 01.05.12-22.05.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 4. Кумшекер жана кумшекер сырьесунун дүйнөлүк баасынын динамикасы, 01.05.12-22.05.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*

